## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2015-жылдын май айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рынокто Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн. Аукциондордо мамлекеттик казына облигацияларынын (мындан ары - МКО) жарыяланган эмиссиясынын көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 43,2 пайызга төмөндөө менен 320,0 млн сомду түзгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан 2 жылдык баалуу кагаздар өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 120,0 млн сомго (+50,0 пайыз) сатылып алынган. Суроо-талап көлөмү 12,9 пайызга жогорулоо менен 170,5 млн сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде орто айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,3 п.п. жогорулоо менен 15,8 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

Жыл башынан тартып жүгүртүүдө мамлекеттик казына облигацияларынын көлөмү 8,0 млрд сомго (+11,5 пайыз) чейин көбөйгөн. Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 4,2 пайыздык пунктка (56,3 пайызга чейин) көбөйүшү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 4,2 п.п. төмөндөп, 43,6 пайыз өлчөмүндө калыптанган. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 0,1 пайыз деңгээлинде мурдагыдай бойдон калган.

Бир айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунда концентрациялануу индекси 0,33 түзгөн, бул концентрациялануунун орточо деңгээлин көрсөтүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвесторлордун катышкандыгына дал келген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент жеке жактар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Май'2014 | 6 826 480,0 | 3 161 885,4 | 46,3 | 3 658 894,6 | 53,6 | 5 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Июнь | 7 081 360,0 | 3 195 535,4 | 45,1 | 3 880 124,6 | 54,8 | 5 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Июль | 7 071 350,0 | 3 275 785,4 | 0,5 | 3 788 864,6 | 53,6 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Август | 6 994 600,0 | 3 084 681,3 | 0,4 | 3 903 218,7 | 55,8 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Сентябрь | 7 208 100,0 | 3 318 252,5 | 46,0 | 3 883 147,5 | 53,9 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Октябрь | 7 229 000,0 | 3 368 300,4 | 46,6 | 3 853 999,6 | 53,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Ноябрь | 7 218 400,0 | 3 390 223,4 | 47,0 | 3 821 476,6 | 52,9 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Декабрь | 7 156 300,0 | 3 420 223,4 | 47,8 | 3 729 376,6 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Январь'2015 | 7 493 150,0 | 3 523 928,0 | 47,0 | 3 902 472,0 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 60 000,0 | 0,8 | 50,0 | 0,0 |
| Февраль | 7 717 100,0 | 3 601 628,0 | 46,7 | 4 108 772,0 | 53,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Март | 8 103 650,0 | 3 706 678,3 | 45,7 | 4 390 221,7 | 54,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| Апрель | 8 009 150,0 | 3 612 178,3 | 45,1 | 4 390 221,7 | 54,8 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| Май | 7 977 150,0 | 3 475 792,3 | 43,6 | 4 494 607,7 | 56,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |